# ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР

## МЕН ЖАНА ДҮЙНӨ

### Иш дептери




kitep.edu.kg

# Иш дептерин кантип колдонуу керек?

Бул дептер илимди кызыгуу менен жеңил үйрөнүүгө арналып жазылган. Сен айлана-чөйрөнү түшүнүүгө керектүү билимге жана көндүмдөргө ээ болосуң. Ошондой эле окумуштуулардай ойлонуп, иштегенди үйрөнөсүң!

Иш дептеринин өзгөчөлүктөрү:



**2В тапшырмасы** **Саякатка керек болгон баштыкты даярдайлы**

Көндүмдөр: Суроолорду берүү жана жообун кантип табууну талкуулоо.

Эки күндүк саякатка чыгып жатканыңды элестет. Өзүң менен эмнелерди аласың?

*Керектелүүчүлөр:* эски журналдар кайчы желим

**Иштин жүрүшү:**

1. Саякатка ала барчу эки нерсенин сүрөттөрүн журналдардан кесип ал.
2. Аларды төмөндөгү чатырдын сүрөтүнө чапта.
3. Класстачың менен талкуула. Тандалган нерселердин кайсылары жашоо үчүн зарыл?

20

## Тапшырма

Өзүңдүн көндүмдөрүңдү өнүктүрүү жана жакшы түшүнүү үчүн тапшырмаларды аткар. Окумуштуулардай ойлон, иште жана илимди күнүмдүк турмушта колдонууга үйрөн!



4- БӨЛҮМ **Материалдар**


**4А тапшырмасы** **Менин бөлмөмдө эмнелер бар?**

Көндүмдөр: Объекттерди иргөө жана топтоштуруу. Байкоолорду чогултуу жана таблицага же сүрөткө түшүрүү.

1. Бул сүрөттү кара.



36



**Сөз оюну**

Үйлөрүнө жетүү үчүн балдар таштарды туура басышы керек.
Туура таштарды боёп кой.

а) Түртүү жана тартуу – булар ________.
күчтөр | материалдар | нерселер

б) Биз нерселерди өзүбүзгө карай жакындатуу үчүн аны ________.
тартабыз | түртөбүз | бурайбыз

в) Биз нерселерди өзүбүздөн алыстатуу үчүн аны ________.
тартабыз | түртөбүз | бурайбыз

г) Курулуш кышы сууда ________.
калкыйт | чөгөт | сүзөт

д) Топ суунун үстүндө ________.
калкыйт | чөгөт | сүзөт

54

## Сөз оюну

Бош жерлерди толтуруу, тамгалардан сөз куроо, баш катырмаларды чечүү менен илимий сөздөрдү колдонууга машыгасың.

kitep.edu.kg


# Кел, картага түшүрөлү

Сага негизги ойлорду бирдиктүү акыл картасына байланыштырууга жардам берет.

**Кел, картага түшүрөлү**

Төмөндөгү сөздөрдү колдонуп, бош жерлерди толтур.

**тартат айнек темир магниттик магниттер магниттик эмес түртөт**



*_______ объекттерди түртөт же тартат.*

*Магнит объектти тарта турган болсо, анда ал аны өзүнө _______.*

*Магнит объектти түртө турган болсо анда, ал аны _______.*

*Магнитке тартылуучу материалдар _______ материалдар деп аталат.*

*Магнитке тартылбаган материалдар _______ материалдар деп аталат.*

*Аларга: _______ жана болот сыяктуу металлдар мисал боло алат.*

*Аларга: _______ кездеме жана кагаз мисал боло алат.*

81

# Кел, кайра карап чыгалы

Теманы канчалык түшүнгөнүңдү жана алган билимиңди жашоодо колдонууну текшерүүчү суроолорду камтыйт.

**Кел, кайра карап чыгалы**

1. Биздин бетибиздеги мүчөлөрдөн үчөөнү тегеректе:

   **кулак чыканак манжалар**

   **буттар ооз мурун**

2. **а)** Кайсы дене мүчөсү китеп кармаганга жардам берет?

   _______

   **б)** Кайсы дене мүчөсү чуркаганга жардам берет?

   _______

3. Дененин мүчөлөрү менен ага туура келген сезимдерди дал келтиргиле. Сен үчүн үлгү даяр.

| Дене мүчөсү | Сезим |
| --- | --- |
| кулак • | • даам татуу |
| көздөр • | • тери сезими |
| тери • | • жыт билүү |
| мурун • | • көрүү |
| тил • | • угуу |

14

**Мээрим** жана **Жоомарт** сага башкалар менен жакшы мамиле түзүүгө жана өз сезимдериңди туура билдирүүгө жардамдашат.

**1Г тапшырмасы Сен жана мен**

Көндүмдөр: Тирүү жандыктарды иргөө жана топтоштуруу.

**Иштин жүрүшү:**

1. Эки-экиден болуп иштегиле.
2. **А** маалымат талаасын өзүң тууралуу маалыматтар менен толтур.
3. Досуң **Б** талаасын толтурсун. Бири-бириң менен дептериңерди алмашкыла.


| А маалымат талаасы | Б маалымат талаасы |
| --- | --- |
| Менин атым _______. | Менин атым _______. |
| Мен (эркек баламын/кызмын). | Мен (баламын/кызмын). |
| Мен _______ жаштамын. | Мен _______ жаштамын. |
| Менин чачым (түз/тармал). | Менин чачым (түз/тармал). |
| Менин көзүмдүн түсү _______. | Менин көзүмдүн түсү _______. |
| Менин жакшы көргөн тамагым _______. | Менин жакшы көргөн тамагым _______. |
| Мага _______ оюнчук жагат. | Мага _______ оюнчук жагат. |

4. Досуң экөөңөрдүн окшоштугуңарды жана айырмаңарды салыштыргыла. Эмнеңер окшош экен? Эмне менен айырмаланасыңар?




11

3. Чаканын жарымын суу менен толтур. Нерселерди сууга акырын сал.
4. Кайсы нерселер калкып калды? Кайсы нерселер чөгүп кетти? Төмөндөгү сүрөткө алардын тарт.




5. Натыйжаларды божомолдоруң менен салыштыр. Бардык божомолдоруң туура чыктыбы?

_______

53

kitep.edu.kg

# Мазмуну


**Иш дептерин кантип колдонуу керек?** 2

**1-бөлүм Биздин денебиз**
- 1А Менин денем 5
- 1Б Көзду таңып алып басуу 6
- 1В Жиптен телефон жасоо 8
- 1Г Сен жана мен 11
- **Сөз оюну** 12
- **Кел, картага түшүрөлү** 13
- **Кел, кайра карап чыгалы** 14

**2-бөлүм Жандуулар жана жансыздар**
- 2А Мен кичинекей көздөрүм менен байкайм 17
- 2Б Модель жаса 18
- 2В Саякатка керек болгон рюкзакты даярдайлы 20
- **Сөз оюну** 21
- **Кел, картага түшүрөлү** 22
- **Кел, кайра карап чыгалы** 23

**3-бөлүм Өсүмдүктөр**
- 3А Менин өсүмдүгүмдүн сүрөтү 25
- 3Б Жалбырактарды чогултуу 26
- 3В Караңгыда жана жарыкта өсүүчү өсүмдүктөр 28
- **Сөз оюну** 32
- **Кел, картага түшүрөлү** 33
- **Кел, кайра карап чыгалы** 34

**4-бөлүм Материалдар**
- 4А Менин бөлмөмдө эмнелер бар? 36
- 4Б Сырдуу куту 39
- 4В Бул чоюлабы? 40
- **Сөз оюну** 42
- **Кел, картага түшүрөлү** 43
- **Кел, кайра карап чыгалы** 44

**5-бөлүм Объекттердин кыймылы**
- 5А Топтордун кыймылы 47
- 5Б Түртүүбү же тартуубу? 50
- 5В Калкыйбы же чөгөбү? 52
- **Сөз оюну** 54
- **Кел, картага түшүрөлү** 55
- **Кел, кайра карап чыгалы** 56

**6-бөлүм Үндөр**
- 6А Үндөр бүт жерде 59
- 6Б Кел, жамгыр таякчасын жасайлы 61
- **Сөз оюну** 65
- **Кел, картага түшүрөлү** 66
- **Кел, кайра карап чыгалы** 67


**7-бөлүм Электр кубулуштары**
- 7А Мени курчаган электр кубулуштары 70
- 7Б Үйдөгү электр шаймандары 71
- **Сөз оюну** 73
- **Кел, картага түшүрөлү** 74
- **Кел, кайра карап чыгалы** 75

**8-бөлүм Магниттер**
- 8А Баштыктарды боё 77
- 8Б Божомолдоп көр жана текшер 78
- **Сөз оюну** 80
- **Кел, картага түшүрөлү** 81
- **Кел, кайра карап чыгалы** 82

**9-бөлүм Жер жан Күн**
- 9А Жердин модели 84
- 9Б Геолог бол 85
- 9В Күндүн астында 87
- **Сөз оюну** 89
- **Кел, картага түшүрөлү** 90
- **Кел, кайра карап чыгалы** 91

**Ыраазычылык** 93


kitep.edu.kg




# 1-бөлүм Биздин денебиз

## 1А тапшырмасы Менин денем

**Көндүмдөр:** Сүрөт боюнча байкоолоруңду топто жана аларды көрсөтүп бер.

Сүрөттү боёп, дене мүчөлөрүнүн аталыштарын жаз.




kitep.edu.kg

## 1Б тапшырмасы Көздү таңып алып басуу

**Көндүмдөр:** Божомол жүргүзүү, изилдөөлөрдү сүрөттөп берүү жана жыйынтыктардын тууралыгын текшерүү. Нускамаларды эске алып, практикалык ишти этияттык менен аткаруу.

***Керектелүүчүлөр:***
Моюн орогуч же узун кездеменин бөлүгү
Калем салгыч.

**Иштин жүрүшү:**

1. Эки-экиден болуп иштегиле. Бул тапшырманы аткарып жатканда ролдорду алмашып тургула.
2. Моюн орогуч же узун кездеменин бөлүгүн колдонуп, досуңдун көзүн таң.
3. Досуңдун калем салгычын столдун үстүнө андан алысыраак жерге кой. Андан соң досуңа калем салгычын табууга көрсөтмө берип тур.
4. Сенин оюң боюнча, эмне болорун божомолдо.



**Божомол кылуу үчүн кутучаларга чымчыкча белгисин (✓) кой.**

Менимче, досум өзүнүн калем салгычын таба алат. ☐

Менимче, досум өзүнүн калем салгычын таба албайт. ☐

kitep.edu.kg

5. Досуңа төмөнкүдөй көрсөтмөлөрдү бер: «түз бас» же «оңго бурул». Досуңдан акырын жана этият кыймылдоону сура.

6. Сенин божомолуң туура чыктыбы?

ооба ☐

жок ☐

7. Досуң көзү таңылуу учурда кайсы сезимин колдоно алган жок? Ал сезимди көрсөткөн сөздү тегеректе:

**угуу    көрүү    жыт билүү    даам татуу    тери сезими**

8. Көрсөтмөлөр боюнча, калем салгычты табуу оңой болдубу же кыйынбы? Досуң менен талкуула.




kitep.edu.kg

# 1В тапшырмасы Жиптен телефон жасоо

**Көндүмдөр:** Жабдууну туура колдонуу. Нускаманы так сактап, практикалык ишти этият аткаруу. Илимий билим жана ой жүгүртүүнүн кандай өзгөргөнү тууралуу айтып берүү.

**Керектелүүчүлөр:**

| | |
|---|---|
| калем | жип (100 см) |
| эки кагаз стаканы | скотч |

**Иштин жүрүшү:**

1. Эки-экиден болуп иштегиле.

2. Калемди колдонуп, ар бир стакандын түбүнөн тешик жасагыла.

3. Жиптин бир учун биринчи стакандын тешигинен өткөргүлө.

4. Скотчту алып, жиптин бир учун стакандын ички бөлүгүнө чаптагыла.




kitep.edu.kg


5. Жиптин кийинки учун экинчи стакандын тешигинен өткөргүлө.

6. Дагы бир скотчту алып, жиптин экинчи учун экинчи стакандын ички бөлүгүнө чаптагыла.

7. Бир стаканды досуңа бер, экинчи стаканды өзүң карма.

8. Жип керилгенге чейин досуңдан алысыраак жыл.


9. Стаканды кулагыңа кой. Досуң үнүн акырын чыгарып өз стаканына сүйлөсүн.









kitep.edu.kg


**10.** Досуң кайсы дене мүчөсүнүн жардамы менен сени укту?











**11.** Телефон ар кайсы жерлердеги адамдардын бири-бири менен байланышуусуна жардам берет. Ар кайсы жактагы адамдар телефон пайда болгонго чейин өз ара кантип байланышкан?

Суроого жооп табуу үчүн улуулардан сура же интернетти колдон.

kitep.edu.kg

# 1Г тапшырмасы Сен жана мен

**Көндүмдөр:** Тирүү жандыктарды иргөө жана топтоштуруу.

**Иштин жүрүшү:**

1. Эки-экиден болуп иштегиле.
2. **А** маалымат талаасын өзүң тууралуу маалыматтар менен толтур.
3. Досуң **Б** талаасын толтурсун. Бири-бириң менен дептериңерди алмашкыла.

**А маалымат талаасы**

*Менин атым ______________.*

*Мен (эркек баламын/кызмын).*

*Мен ____________ жаштамын.*

*Менин чачым (түз/тармал).*

*Менин көзүмдүн түсү ____________________ .*

*Менин жакшы көргөн тамагым ______________.*

*Мага ____________________________ ойногон жагат.*

**Б маалымат талаасы**

*Менин атым ______________.*

*Мен (баламын/кызмын).*

*Мен ____________ жаштамын.*


*Менин чачым (түз/тармал).*

*Менин көзүмдүн түсү ____________________ .*

*Менин жакшы көргөн тамагым ______________.*

*Мага ____________________________ ойногон жагат.*


4. Досуң экөөңөрдүн окшоштугуңарды жана айырмаңарды салыштыргыла.
   Эмнеңер окшош экен?
   Эмне менен айырмаланасыңар?




kitep.edu.kg

## Сөз оюну

Сүрөттөрдү карап чык. Баш катырмага туура келген дене мүчөлөрүн жаз. Сага жардам катары бир суроонун жообу берилген.




kitep.edu.kg

# Кел, картага түшүрөлү

Төмөнкү сөздөрдү колдонуп, бош жерлерди толтур.

**ооз   ар башкача   көздөр   адамбыз   буттар**
**мурун   сезимибиз   тери   угуу**
**даам татуу   көрүү сезүү**

***Биздин дене***


*Биздин көптөгөн дене мүчөлөрүбүз бар.*
*Алардын айрымдары*
*______________________,*
*______________________,*
*колдор, ______________ жана*
*______________________.*

*Биздин денебиз*
*______________________*
*менен капталган.*

*Биздин беш*
*______________________*
*бар, алар бизге айлана-чөйрөнү кабыл алууга жардам берет.*
*Алар жыт билүү,*
*______________________*
*______________________,*
*______________________*
*жана тери сезими.*

*Биз баарыбыз*
*______________________.*
*Бирдей дене мүчөлөрүбүз бар болсо да, биз*
*______________________*
*көрүнөбүз.*

kitep.edu.kg



# Кел, кайра карап чыгалы

**1.** Биздин бетибиздеги мүчөлөрдөн үчөөнү тегеректе:

| | | |
|---|---|---|
| **кулак** | **чыканак** | **манжалар** |
| **буттар** | **ооз** | **мурун** |

**2. а)** Кайсы дене мүчөсү китеп кармаганга жардам берет?

______________________________

**б)** Кайсы дене мүчөсү чуркаганга жардам берет?

______________________________

**3.** Дененин мүчөлөрү менен ага туура келген сезимдерди дал келтиргиле. Сен үчүн үлгү даяр.

| Дене мүчөсү | Сезим |
|---|---|
| **кулак** | даам татуу |
| көздөр | тери сезими |
| тери | жыт билүү |
| мурун | көрүү |
| тил | **угуу** |

kitep.edu.kg

**4.** Бул нерселерди сүрөттөгөнгө жардам берген сезимди тегеректе.

а. 

угуу   көрүү   жыт билүү
даам татуу   тери сезими

**Лимон кычкыл.**

б. 

угуу   көрүү   жыт билүү
даам татуу   тери сезими

**Сурнайдын үнү катуу.**

в. 

угуу   көрүү   жыт билүү
даам татуу   тери сезими

**Оюнчук мамалак жумшак.**

kitep.edu.kg

**5.** Эки баланын сүрөтүн карагыла.





**а)** Балдар эмнеси менен окшош?
Туура жоопту тегеректе.

**Эки бала тең эркек балдар.**

**Эки бала тең көз айнек тагынышат.**

**Эки баланын тең чачы кыска.**

**б)** Эки бала эмнеси менен айырмаланышат?
**Эки** туура жоопту тегеректе.

**Бирөөнүн чачы узун, экинчисиники кыска.**

**Бирөө уул бала, экинчиси кыз бала.**

**Бирөө көз айнек тагынат, экинчиси тагынбайт.**

kitep.edu.kg

# 2-бөлүм Жандуулар жана жансыздар

## 2А тапшырмасы Мен кичинекей көздөрүм менен байкайм

**Көндүмдөр:** Нерселерди жана тирүү жандыктарды иргөө жана топтоштуруу. Байкоолорду чогултуу жана сүрөттө көрсөтүү.

Сүрөттү көңүл коюп кара.
Жандууларды жашыл түскө боё.
Эч качан жандуу болбогон нерселерди сары түскө боё.



kitep.edu.kg

# 2Б тапшырмасы Модель жаса


**Көндүмдөр:** Нускамаларды так сактап, практикалык ишти этият аткаруу. Буюмдарды иргөө жана топтоштуруу, байкоолорду топтоо, таблицада көрсөтүү.

***Керектелет:***
пластилин

**Иштин жүрүшү:**

**1.** Эки-экиден болуп иштегиле.

**2.** Айрым буюмдардын моделин жасоо үчүн пластилин колдон. Этият бол! Пластилинди оозго салууга же жутууга болбойт.



**3.** Парталашың менен чогуу иштегиле.
Силер кандай моделдерди жасадыңар?
Алардын кайсылары **жандууларга** тиешелүү? Ал эми кайсылары **эч качан жандуу болбогон нерселерге** тиешелүү?

kitep.edu.kg

**4.** Силер жасаган моделдерди топтоштургула. Төмөндөгү таблицага алардын сүрөтүн тарткыла.

| ***Жандуулар*** | ***Эч качан жандуу болбогон нерселер*** |
| --- | --- |
| | |

kitep.edu.kg

**2В тапшырмасы**

# Саякатка керек болгон баштыкты даярдайлы


**Көндүмдөр:** Суроолорду берүү жана жообун кантип табууну талкуулоо.

Эки күндүк саякатка чыгып жатканыңды элестет. Өзүң менен эмнелерди аласың?

***Керектелүүчүлөр:***
эски журналдар кайчы желим

**Иштин жүрүшү:**

1. Саякатка ала барчу эки нерсенин сүрөттөрүн журналдардан кесип ал.
2. Аларды төмөндөгү чатырдын сүрөтүнө чапта.



3. Классташың менен талкуула. Тандалган нерселердин кайсылары жашоо үчүн зарыл?

kitep.edu.kg

# Сөз оюну

Ырды жазып бүтүрүү үчүн Тимурга жардам берип, бош жерлерди толтур. Төмөнкү сөздөрдү колдон:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **жандуу** | **азыкка** | **өсүшөт** | **кыймылдабайт** | **суу** |

*Жандуулардын телегейи тегиз*

*Жашоо үчүн аларга аба, ____________ жана азык керек.*

*Алар ______________________ жана дагы дем алышат.*

*Карасаңар жандуулар бардык жерди байырлашат.*

*Кээ бир нерселер эч качан ______________ болгон эмес.*

*Алар абага, сууга жана ____________ муктаж эмес.*

*Алар __________________________, дем албайт жана өспөйт.*



*Билгендериң боюнча текстти ыргагы менен толукта!*

kitep.edu.kg

# Кел, картага түшүрөлү

Төмөнкү сөздөрдү колдонуп, бош жерлерди толтур:

**аба жаныбарлар өсөт жандууларды**
**кыймылдайт өсүмдүктөр суу**

*Бизди курчап турган айлана-чөйрөдөн ______________ жана эч качан жандуу болбогон нерселерди таба алабыз.*

*______________ жана ______________ жандууларга кирет.*

*Эч качан жандуу болбогон нерселер өз алдынча кыймылдай албайт жана өспөйт.*

*Тирүү жандыктарга ______________, ______________ жана ылайыктуу азык керек.*

*Жандуулар өз алдынча ______________ жана ______________.*

kitep.edu.kg

# Кел, кайра карап чыгалы

**1.** Сүрөттөгү жандууларды тегеректе.










kitep.edu.kg

**2.** Төмөнкү сүрөттү кара.


**а)** Жандуулардын тиричилиги үчүн зарыл болгон нерселердин жанына чымчыкча белгисин (✓) кой.

 ☐

 ☐

 ☐

 ☐

 ☐

 ☐

kitep.edu.kg

**б)** Жандуулардын тиричилиги үчүн дагы эмнелер керек?

___________________________

3-
БӨЛҮМ

# Өсүмдүктөр

## 3А тапшырмасы Менин өсүмдүгүмдүн сүрөтү

**Көндүмдөр:** Байкоо жүргүзүү жана сүрөт аркылуу көрсөтүү.

***Керектелүүчүлөр:***

| | | |
|---|---|---|
| түстүү кагаздар | кайчы | жип |
| балмуздак таякчалары | маркер | желим |

**Иштин жүрүшү:**

Төмөнкү бош жерге өсүмдүктүн моделин жасоо үчүн материалдарды колдон. Ошондой эле өсүмдүктүн сүрөтүн тартып, аны боёсоң болот. Өсүмдүктүн тамырын, сабагын, жалбырагын жана гүлүн белгиле.

kitep.edu.kg

## 3Б тапшырмасы

# Жалбырактарды чогултуу

**Көндүмдөр:** Объекттерди иргөө жана топтоштуруу. Суроолорду берип, жоопторду кантип табууну талкуулоо.

**Иштин жүрүшү:**

1. Топторго бөлүнүп, мектептин аймагын кыдыргыла.
2. Жерден жалбырактарды тергиле.
   Түрдүү жалбырактарды чогулткула.
3. Төмөндөгү бош жерге 2 жалбыракты чаптагыла.




kitep.edu.kg

**4.** Бул суроолорго жооп бер.

**а)** Кандай түстөгү жалбырактарды чаптадың?

**б)** Жалбырактар бири-бирине окшошпу? Туура жоопту тегеректе.

**Алар окшош эмес.**

**Алар түсү боюнча окшош.**

**Алар формасы боюнча окшош.**

**Алар өлчөмү боюнча окшош.**

**в)** Жалбырактар бири-биринен кантип айырмаланат? Жообуңду тегеректе.

**түс** **форма** **өлчөм**

**5.** Силер бул жалбырактар кайсы өсүмдүктүкү экенин билесиңерби? Муну кантип билдиңер?

kitep.edu.kg

## 3В тапшырмасы


## Караңгыда жана жарыкта өсүүчү өсүмдүктөр

**Көндүмдөр:** Жабдууларды туура колдонуу, божомол жүргүзүү, изилдөөнү түшүндүрүп берүү. Натыйжалар туура болжолдонгонбу, айтып берүү. Тиешелүү чен бирдиктери менен өлчөө жүргүзүү. Байкоолорду чогултуу жана таблицада көрсөтүү. Илимий билим жана ой жүгүртүүнүн кандай өзгөргөнү тууралуу айтып берүү.

***Керектелүүчүлөр:***
маркер
эки балмуздактын таякчасы
бирдей бийиктиктеги эки көчөт
суу
оюнчук кубиктери

**Иштин жүрүшү:**

1. Бир таякчага «А өсүмдүгү», экинчисине «Б өсүмдүгү» деп жаз.
2. Таякчаларды ар бир көчөттүн топурагына сайып кой.
3. 30-беттеги таблицага ар бир өсүмдүктүн сүрөтүн тарт.
4. Ар бир өсүмдүктүн бийиктигин жазуу үчүн оюнчук кубиктерин колдон. Аны 30-беттеги таблицага жаз.



kitep.edu.kg

**5.** А өсүмдүгүн караңгы шкафка кой.

**6.** Б өсүмдүгүн терезеге кой.



**7.** Кайсы өсүмдүк жакшыраак өсөт? Божомолуңду белгилөө үчүн чымчыкча белгисин (✓) кой.

А өсүмдүгү ☐

Б өсүмдүгү ☐

**8.** Эки өсүмдүктү тең күн сайын бирдей көлөмдөгү суу менен сугар. Беш күн бою байкоо жүргүз.

**9.** Байкоолоруң сенин божомолуңа туура келдиби?

**жок**

**ооба**

**10.** Кийинки беттеги таблицага өсүмдүктөрдүн 5-күндөгү көрүнүшүн тарт. Алардын бийиктигин аныктап, өлчөө үчүн оюнчук кубиктерди колдон, аны таблицага жаз.

kitep.edu.kg

**Байкоо таблицасы:**

| | *1-күн* | *5-күн* |
|---|---|---|
| *А өсүмдүгү* | *Бийиктиги: ______ оюнчук кубиги* | *Бийиктиги: ______ оюнчук кубиги* |
| *Б өсүмдүгү* | *Бийиктиги: ______ оюнчук кубиги* | *Бийиктиги: ______ оюнчук кубиги* |

kitep.edu.kg

**11.** Сүйлөмдү толуктоо үчүн туура келген сөзгө чымчыкча белгисин (✓) кой.

Бул тажрыйба өсүмдүктөрдүн тиричилиги үчүн

________________________ керек экендигин көрсөтөт.

- жарыктын ☐
- топурактын ☐
- суунун ☐

**12.** Мурда кээ бир адамдар өсүмдүктөр өз азыгын топурактан алат деп ойлошкон. Азыр бул туура эмес экенин биз билебиз. Өсүмдүктөр өз азыгын өзү өндүрөт.

Эгер өсүмдүк өзүнө азык өндүрө албаса, эмне болот? Туура жоопту тегеректе.

**Ал куурап калат.**

**Ал чоң болуп өсөт.**


**Ал тирүү калат.**

kitep.edu.kg

# Сөз оюну

Тамгалардан сөз курап, туура сөздөрдү тап. Өсүмдүктөгү бош уячаларды толтур.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **басак** | **үлг** | **мтаыр** | **жракбыла** |



kitep.edu.kg

# Кел, картага түшүрөлү

Төмөнкү сөздөрдү колдонуп, бош жерлерди толтур.

**гүлдөн** **жалбырактан** **жарык**
**жандууларга** **тамырдан** **сабактан** **суу**

*Өсүмдүктөр – булар*
*________________ кирет.*

*Өсүмдүктөр*
*________________,*
*________________,*
*________________ жана*
*________________ турат.*


*Алардын тиричилиги үчүн*
*________________ жана*
*________________ керек.*



kitep.edu.kg

## Кел, кайра карап чыгалы

**1.** Бул өсүмдүктүн сүрөтүн карап чык. Өсүмдүктүн бөлүгүнө кирбеген **эки** сөздү тегеректе.




**2.** **а.** Өсүмдүктүн кайсы бөлүгү жер астында болот?

__________________________________________

**б.** Өсүмдүктөр кантип азыктанат?

__________________________________________

kitep.edu.kg

**3.** Өсүмдүктүн тиричилиги үчүн керектүү болгон нерселерди тегеректе.









**4.** Багбан өз бакчасында бир нече өсүмдүк өстүрөт. Аларды күнөстүү жерге тигет. Багбан өсүмдүктөргө мезгил-мезгили менен эмнени берип турушу керек? Туура жоопту тегеректе.

**азык**

**топурак**

**суу**

kitep.edu.kg